| | И.Раззаков атындагы Кыргыз мамлекеттик техникалык университети |
|---|---|
| КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТИК ТЕХНИКАЛЫК УНИВЕРСИТЕТ | БИЛИМ САПАТЫН КАМСЫЗ КЫЛУУ СИСТЕМАСЫ |
| | ДП 01-2-6 |

**ЖАКТЫРЫЛДЫ**
И.Раззаков атындагы КМТУнун
Окумуштуулар кеңешинин отурумунда
Протокол № 5
«28» 01 2026-ж.

**БЕКИТЕМИН**
И.Раззаков атындагы КМТУнун ректору
________________ Чыныбаев М.К.

Буйрук №__________
«___» __________2026-ж.

# И. РАЗЗАКОВ АТЫНДАГЫ КМТУнун САПАТ КЕҢЕШИ ЖӨНҮНДӨ ЖОБОСУ

**Бишкек 2026 - ж.**

# ӨЗГӨРТҮҮ БАРАКЧАСЫ

| **УЧА версиясы №** | **Өзгөртүүлөр жана толуктоолор киргизилген бөлүмдүн/пункттун № же абзац (бетти көрсөтүү менен** | **КМТУнун Окумуштуулар кеңешинин № ...... протоколу жана датасы** |
|---|---|---|
| **1** | | Протокол №1, 28.09.2016 -ж. |
| **2** | КМТУнун түзүмдүк бөлүмдөрүнүн өзгөрүүсү менен байланышкан өзгөртүүлөр киргизилди | Протокол № 1 , 29 .09.2020 -ж. |
| **3** | КМТУнун кайра түзүлүшү менен байланышкан өзгөртүүлөр киргизилди | Протокол № 2, 26.10.2022 -ж. |
| **4** | Жогорку жана орто кесиптик билим берүүнү аккредитациялоо жаатындагы укуктук-ченемдик актардын өзгөрүүсү менен байланышкан өзгөртүүлөр киргизилди | Протокол № 5, 28.01.2026 -ж. |
| | | |
| | | |
| | | |
| | | |
| | | |
| | | |
| | | |
| | | |
| | | |
| | | |
| | | |
| | | |

## 1. Жалпы жоболор

1.1. И. Раззаков атындагы КМТУнун Сапат кеңеши тууралуу жобо төмөнкүлөргө ылайык иштелип чыккан:

– 2023- жылдын, 11- августундагы, №179, Кыргыз Республикасынын «Билим берүү жөнүндө» Мыйзамы;

– 2024-жылдын 27-сентябры, № 590, Кыргыз Республикасынын Министрлер кабинетитинин «Жогорку кесиптик билим берүүнүн билим берүү уюмдарынын ишин жөнгө салган ченемдик укуктук актыларды бекитүү жөнүндө»токтому;

– 2025-жылдын 10-июну, № 329, Кыргыз Республикасынын Министрлер кабинетитинин «Кесиптик жогорку жана орто билим берүү жаатындагы ченемдик укуктук актыларды бекитүү жөнүндө»токтому;

–2024-жылдын 15-майы, № 246, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин «Билим берүү чөйрөсүндөгү аккредитациялоо боюнча ченемдик укуктук актыларды бекитүү жөнүндө» токтому;

–2021-жылдын 25-февралы, № 173/1, Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин «Кыргыз Республикасынын кесиптик билим берүү уюмдарынын сапатын камсыздоонун ички системасы жөнүндө типтүү жобону бекитүү тууралуу буйругу;

– Кыргыз Республикасында кесиптик билим берүү программаларын түзүү жана ишке ашыруу боюнча жобо;

– Кыргыз Республикасында ички сапатты камсыздоо системасын киргизүү боюнча практикалык колдонмо жана анын тышкы баалоо механизмдери.

1.2. Сапат Кеңеши (мындан ары — Кеңеш) —И. Раззаков атындагы КМТУ (мындан ары — Университет) сапат саясаты жана максаттарын ишке ашыруу, ошондой эле иш-аракеттерди координациялоо максатында иштеген коллегиалдык өкүлчүлүк органы болуп саналат:

– билим берүүнүн сапатын камсыз кылууга бирдиктүү ыкмаларды түзүү;

– университеттин ишмердүүлүгүнүн сапатын камсыз кылуу боюнча кепилдиктердин негизги багыттарын аныктоо;

–институттардын, кафедралардын, филиалдардын, орто кесиптик билим берүү бөлүмдөрүнүн (ОКББ ТБ) жана Университеттин башка түзүмдөрүнүн сапат системасын актуалдаштыруу;

–билим берүүнүн сапатын камсыздоо системасын (мындан ары — ББСККС) түзүү, киргизүү жана натыйжалуу колдонуу, ошондой эле тиешелүү нормативдик жана методикалык камсыздоо;

–кадрдык курамды пайдалуу колдонуу жана аккредитацияга байланыштуу Университет ресурстарын пайдалануу;

–Университеттин түзүмдөрүнүн аракеттерин координациялоо, ББСККС туруктуу өнүгүүсү жана стратегиялык пландардын аткарылышын камсыздоо;

– билим берүү деңгээлин жана сапатын жогорулатуу, ошондой эле Кыргыз Республикасынын жана чет өлкөнүн эмгек рыногуна талап кылынган жогорку квалификациялуу адистерди даярдоо.

1.3. Кеңеш өз ишмердүүлүгүндө Кыргыз Республикасынын Конституциясына, «Билим берүү» Мыйзамына, КР Министрлер Кабинетинин токтомдоруна жана буйруктарына, анын ичинде билим берүү чөйрөсүндөгү ченемдик укуктук актыларга, КР Илим, жогорку билим берүү жана инновациялар министрлигинин укуктук актыларына, КР Илим, жогорку билим берүү жана инновациялар министрлигинин сапатты көзөмөлдөө жана надзор башкармалыгынын буйруктарына, КМТУнун Уставына, ББСККСнын ченемдик укуктук документтерине, Университеттин буйруктарына жана көрсөтмөлөрүнө, ошондой эле ушул Жобого негиз алат.

1.4. Кеңеш ректордун буйругу менен, КМТУ Окумуштуулар кеңешинин чечимине ылайык түзүлөт жана жоюлат.

1.5. Кеңештин ишмердүүлүгүн уюштуруу жана методикалык камсыздоо Сапатты камсыздоо департаментинин жоопкерчилигине жүктөлөт.

## 2. Сапат Кеңешинин түзүмү жана курамы

2.1. Кеңештин түзүмү Университеттин жана анын окуу түзүмдөрүнүн жетекчилеринен түзүлөт. Кеңешти ректор — сапат боюнча жетекчи баштайт. Ошондой эле дайындалат:

- кеңештин түзүмү Университеттин жана анын окуу түзүмдөрүнүн жетекчилеринен түзүлөт. Кеңешти ректор жетектейт, ал КМТУнун сапат боюнча жетекчисинин функцияларын аткарат, ошондой эле төмөнкүлөр дайындалат:
- жетекчинин орун басары — сапат боюнча жетекчинин өкүлү (академиялык иштер боюнча проректор);
- жооптуу катчы — ББС камсыздоо департаментинин директору;
- кеңештин мүчөлөрү — институттардын, жогорку мектептердин, ОКББ окуу түзүмдөрүнүн, бөлүмдөрдүн жана кызматтардын жетекчилери.

Кеңештин кеңейтилген жыйынына кафедра башчылары же сапат боюнча жооптуулары, ошондой эле студенттик өз алдынча башкаруунун өкүлдөрү чакырылат.

Кеңештин ишинде зарыл учурда КР Илим, жогорку билим берүү жана инновациялар министрлигинин өкүлдөрү, анын ичинде Сапатты көзөмөлдөө башкармалыгы, сапат боюнча адистер, билим берүү уюмдары, коомдук-профессионалдык бирикмелер жана жумуш берүүчүлөр катыша алышат. Кеңештин жыйналышын даярдоо жана кабыл алынган чечимдерди тиешелүү жактарга жеткирүү жооптуу катчынын милдетинде.

2.2. Кеңештин төрагасы өзүнүн айрым ыйгарым укуктарын орун басарына ыйгарууга укуктуу. Кеңеш университеттин Окумуштуулар кеңешине отчет берип турат. Кеңештин чечимдери ББСД аркылуу, ошондой эле институттарда, жогорку мектептерде, кафедраларда, филиалдарда, ОКББ окуу түзүмдөрүндө жана Университеттин башка түзүмдөрүндө ишке ашырылат. Кеңештин чечимдери бардык окуу түзүмдөрү тарабынан милдеттүү аткарылат.

2.3. Кеңештин курамында ББСККС үчүн керектүү документтерди жана материалдарды иштеп чыгуу үчүн жумушчу топтор түзүлөт, ага Кеңештин мүчөлөрү, кафедралар жана окуу түзүмдөрүнүн сапат жооптуулары, институттардын окуу-методикалык комиссияларынын мүчөлөрү кириши мүмкүн;

2.4. Кеңештин мүчөлөрү Университеттин сапатты камсыздоо милдеттерин аткарууда принциптүүлүктү жана чыгармачыл мамилени сактоого милдеттүү.

## 3. Сапат Кеңешинин негизги багыттары

- Университеттин сапатын камсыз кылуу боюнча иш-чараларды жана иштерди уюштуруу, башкаруунун бардык деңгээлдерин жана бөлүмдөрүн координациялоо, университеттин кадыр-баркын жана бүтүрүүчүлөрдүн атаандаштык жөндөмдүүлүгүн жогорулатуу;
-Университеттин сапатты камсыздоо системасын экспертиза кылуу, ББСККС документтерин иштеп чыгуу, алардын талаптарын аткарууну көзөмөлдөө, натыйжаларын анализдөө жана баалоо, сапатты жакшыртуу боюнча чечимдерди кабыл алуу;
- сапат системасынын иштешин мониторинг кылуу жана өнүктүрүү боюнча сунуштарды иштеп чыгуу;
- Университеттин жана анын түзүмдүк бөлүмдөрүнүн ББСККС системасынын натыйжалуулугун баалоо;
- сапат жаатындагы документтерди талкуулоо, макулдашуу жана сунуштоо;
-Университеттин бардык ишмердүүлүгүнүн сапатын жогорулатуу боюнча негизги саясат багыттарын иштеп чыгуу;
- КР Илим, жогорку билим берүү жана инновациялар министрлигинин жана башка жогорку уюмдардын көрсөтмөлөрүн, ошондой эле башка жогорку деңгээлдеги уюмдар жана ишканалар тарабынан берилген тапшырмалар, университеттеги бүтүрүүчүлөрдүн компетенцияларын жана окуу натыйжаларын жогорулатуу боюнча сунуштамаларды карап чыгуу жана КМТУнун билим берүү программаларынын сапатын камсыз кылуу системасын координациялоо боюнча чечимдерди кабыл алуу;
- билим берүү уюмдарынын сапатын жогорулатуу боюнча ички жана тышкы тажрыйбасын изилдөө жана аны ишке ашыруу боюнча сунуштарды берүү;

- сапат боюнча маселелер боюнча нормативдик документтердин долбоорлорун экспертизадан өткөрүүгө катышуу;

- сапат кенештин компетенциясына кирген маселелер боюнча Окумуштуулар кеңешине жылдык баяндаманы берүү;

- Ички аудиттин жана текшерүүлөрдүн жыйынтыктарын талдоо жана Университеттин негизги иш-аракеттериндеги кемчиликтерди жоюуга жана билим берүү сапатын жогорулатууга багытталган чечимдерди иштеп чыгуу;

-жогорку кесиптик билим берүүнүн сапаты боюнча форум, конференция, семинар жана тегерек стол уюштурууга көмөк көрсөтүү;

- Педагогикалык курамдын (ПК) жылдык KPI аныктоо, билим берүү структураларынын сапат көрсөткүчтөрү боюнча рейтингин түзүү («Эң мыкты студент», «Эң мыкты окутуучу», «Эң мыкты кафедра» ж. б.) боюнча сунуштамаларды даярдоо.

- ПК, кафедра башчылары, директорлор жана башкалар үчүн KPI (Key Performance Indicator) – негизги натыйжалуулук көрсөткүчтөрүн даярдоо жана аныктоо критерийлерин иштеп чыгуу;

-Билим берүү сапатын камсыздоо боюнча университет ичиндеги окуу программаларын түзүү, кызматкерлерди колдоо жана алардын ишин көзөмөлдөө саясатын иштеп чыгуу;

-Университет ичинде сапат боюнча окутуу жана кызматкерлерди колдоо саясаттарын иштеп чыгуу;

- Кеңештин ишмердүүлүгү чөйрөсүндө жетекчилер менен кызматкерлер же түзүмдөрдүн жетекчилиги ортосунда келип чыккан жаңжалдагы арбитрдун ролун аткаруу;

-Кеңештин ишмердүүлүгүнө байланыштуу жетекчилер, кызматкерлер жана бөлүмдөр ортосундагы талаштарды чечүүчү катары кызмат кылуу.

Кеңеш өз ишинде жогорку даражалуу уюмдардын, кызматтын кардарлары болгон жарандардын жана юридикалык жактардын, ошондой эле коомдун башка кызыкдар тараптарынын пикирлерин жана каалоолорун эске алат, алар университеттин бүтүрүүчүлөрүн жумуш рыногуна ылайык даярдоонун сапатын жогорулатууга жана анын ишмердүүлүгүнүн башка натыйжаларына багытталган.

## 4. Сапат Кеңешинин биргеликте иштөөсү

4.1.Кеңештин жетекчилиги жана мүчөлөрү КР Илим, жогорку билим берүү жана инновациялар министрлиги, аккредитациялык уюмдар, билим берүү жана илимий мекемелер, жумуш берүүчүлөр, коомдук уюмдар, ошондой эле сапат боюнча алдыңкы адистер менен өз ара байланыштарды түзүп, чыгармачыл кызматташтыкты колдойт.

## 5. Сапат Кеңешинин ишмердүүлүгүн уюштуруу

5.1. Кеңештин иши пландуу негизде жүргүзүлөт. Иш планы Кеңештин орун басары менен ББСД тарабынан даярдалып, Кеңештин төрагасы — ректор тарабынан бекитилет.

5.2. Кеңештин жыйынына төрага уюштуруп жана өткөрөт (анын жоктугунда — орун басар). Жыйналыштар зарыл болгондо, бирок квартал сайын кеминде бир жолу өткөрүлөт. Жыйналышка катышкан Кеңештин мүчөлөрүнүн 2/3 катышкан учурда гана кворумдуу болуп саналат.

5.3. Кеңештин каралган маселелер боюнча чечимдери жыйында катышкан мүчөлөрдүн көпчүлүк добушу менен ачык добуш берүү жолу менен кабыл алынат жана Кеңештин төрагасы тарабынан бекитилет. Добуштар тең чыкса, чечүүчү добуш Кеңештин төрагасына таандык.

Кеңештин чечимдери протокол түрүндө бекитилет, жыйында төрагалык кылган Кеңештин төрагасы же анын орун басары жана Кеңештин жооптуу катчысы тарабынан кол коюлат жана мүчөлөрүнө жөнөтүлөт.

МАКУЛДАШЫЛДЫ:

УИБ башчысы А.Ж. Исраилов